# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ЖАРЛЫГЫ

*Бишкек шаары, 2014-жылдын 2-июну ПЖ № 119*

## Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы жөнүндө

*(КР Президентинин 2015-жылдын 17-февралындагы ПЖ № 26 Жарлыгынын редакциясына ылайык)*

2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын, Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 1-июлундагы № 155 "Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 10, 16, 45 жана 65-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүү боюнча улуттук кеңештин 2014-жылдын 25-апрелиндеги чечиминин негизинде токтом кылам:

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы 1-тиркемеге ылайык;

2) Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасынын максаттуу индикаторлору 2-тиркемеге ылайык.

2. Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасын ишке ашырууну контролдоо боюнча жумушчу топ 3-тиркемеге ылайык курамда түзүлсүн.

3. Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасын ишке ашырууну контролдоо боюнча жумушчу топ жөнүндө Жобо 4-тиркемеге ылайык бекитилсин.

4. Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасын (мындан ары - Улуттук программа) ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жарандык коомдун институттарынын жана жарандардын мамлекеттүүлүктү бекемдөө, элдин биримдигин камсыз кылуу жана мамлекеттик, расмий жана дүйнөдө кеңири таралган башка тилдерде эркин сүйлөгөн кыргызстандыктардын муунун тарбиялоо боюнча ишинин абдан маанилүү бөлүгү болуп эсептелсин.

5. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп табылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2000-жылдын 20-сентябрындагы № 268 "2000-2010-жылдары Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилин өнүктүрүү программасы жөнүндө" Жарлыгынын 1, 3, 7-пункттары;

2) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2010-жылдын 21-декабрындагы № 365 "Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын ишин уюштурууну өркүндөтүү жөнүндө" Жарлыгынын 2-пункту.

6. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине Мыйзам чыгаруу ишин жүргүзгөндө Улуттук программанын жоболорун ишке ашыруу менен байланышкан маселелерди артыкчылыктуу тартипте кароо сунушталсын.

7. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

1) Улуттук программаны аткаруу жана анын Максаттуу индикаторлоруна жетишүү боюнча иш-чаралардын планын конкреттүү чараларды, каржылоо булактарын, аларды ишке ашыруунун мөөнөттөрүн, аткарууга жоопту органдарды жана кызмат адамдарын аныктоо менен эки айлык мөөнөттө иштеп чыксын;

2) башка мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен бирдикте, жарандык коом менен өз ара аракеттенип, Улуттук программаны толук көлөмдө жана белгиленген мөөнөттө аткарууну камсыз кылсын;

3) Улуттук программаны ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө маалыматты квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 15инен кечиктирбестен Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасын ишке ашырууну контролдоо боюнча жумушчу топко берип турсун.

8. Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппараты Улуттук программанын максаттары, негизги жоболору жана аны аткаруунун жүрүшү тууралуу жигердүү маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзгөндө мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына көмөк көрсөтсүн.

9. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын Жетекчисине жүктөлсүн.

10. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

*"Эркин Тоо" газетасынын 2014-жылдын 6-июнунда № 43 жарыяланды*

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А.Атамбаев**

2-тиркеме

## Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасынын максаттуу ИНДИКАТОРЛОРУ

*"Токтом" МБ эскертүүсү: 2-тиркеме "Токтом" МБ кагаз түрүндө бар.*

3-тиркеме

## Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасын ишке ашырууну контролдоо боюнча жумушчу топтун КУРАМЫ

*(КР Президентинин 2015-жылдын 17-февралындагы ПЖ № 26 Жарлыгынын редакциясына ылайык)*

| | | |
|---|---|---|
| Турсунбеков Чыныбай Акунович | - | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, филология илимдеринин кандидаты, жетекчи (макулдашуу боюнча); |
| Эрматов Эгемберди | - | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасы, |

| | | |
|---|---|---|
| | | жетекчинин орун басары; |
| Карыбаева Мира Аскеровна | - | Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын этностук, диний саясат жана жарандык коом менен өз ара аракеттенүү бөлүмүнүн башчысы, жетекчинин орун басары; |
| Абдысадыр уулу Азат | - | Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын канцеляриясынын актыларды чыгаруу секторунун башчысы; |
| Акматалиев Абдылдажан | - | Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын вице-президенти, филология илимдеринин доктору, профессор; |
| Биялиев Кутманбек Абакович | - | Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин кыргыз тил кафедрасынын башчысы, филология илимдеринин доктору (макулдашуу боюнча); |
| Дербишева Замира Касымбековна | - | "Манас" Кыргыз-Түрк университетинин чет тилдер жогорку мектебинин директору, филология илимдеринин доктору, профессор (макулдашуу боюнча); |
| Дюшеева Гулмира Самтыевна | - | Борбордук Азиядагы Америка университетинин кыргыз тил программасынын улук окутуучусу (макулдашуу боюнча); |
| Ишекеев Назаркул | - | филология илимдеринин доктору, профессор (макулдашуу боюнча); |
| Карашев Аалы Азимович | - | Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын директору; |
| Кожошев Арзыбек Орозбекович | - | Кыргыз Республикасынын финансы министринин орун басары; |
| Кулматов Алмазбек Окинович | - | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасынын орун басары, жумушчу топтун жооптуу катчысы; |
| Молдогазиева Айдай Турганбаевна | - | "Universum" маданий-билим берүү борборунун аткаруучу директору (макулдашуу боюнча); |
| Турсунов Раушанбек Турсунович | - | Ош мамлекеттик университетинин өзбек филологиясы кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (макулдашуу боюнча); |
| Шаповалов Вячеслав Иванович | - | котормочу, Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин профессору, филология илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасынын эл акыны (макулдашуу боюнча). |